**2021-2022-окуу жылына карата мектептеги тарбиялык иштерди талдоо**

2021-2022-окуу жылына карата мектептеги тарбиялык иштерди талдоо

2021-2022-окуу жылында мектептеги тарбиялык иштердин сапатын жана окуучулардын тарбиялуулук деңгээлин жогорулатуу максатында ар кандай темаларда класстан тышкаркы иш чаралар, класстык саатар мерчемделип коюлган. Мектептеги мугалимдердин тарбия иштерин жүргүзүүдөгү даярдыктарын жалпысынан канааттандырaарлык. Окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин жамааты чыгармачылык иштерге калыптанган. Ата-энелер мектеп ичинде ар кандай иш чараларды өткөрүүгө колдоо көрсөтүшөт. Мектеп ичинде өткөрүлгөн иш-чаралардын деңгээли талапка жооп берет. тарбия иштеринин жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууда мектептеги окуучулар ар кандай предметтик ийримдерге жана акы төлөнүүчү спорт ийримине, чебер колдор ийримине тартылган. Мектепте спорт аянтчасы, спорт зал, китепкана, компьютердик класс бар. Окуучулардын көркөм кол өнөрчүлүгүн, музыкалык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттай турган атайын адис жок.

Окуу жылында коюлган класстык саатар дээрлик бардыгы өз убагында өтүлдү.

- “Ата Журтум – асыл Мекеним” 2-класс Алымкулова Лира
- “Эң жакшы дос – китеп” 3-класс Борукчиева Миргүл
- “Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат” 5-класс Замир кызы Венера
- “Үй бүлө тарбиясында элдик педагогиканын орду” 8-класс Айталиева Мээрим
- “Апрель баатырларына даңк!” 11-класс Сейитбек кызы Эркайым
- Өтүлгөн класстык саатардын ичинен маалыматка бай, эң жакшы сабак деп табылган сабак Айталиева Мээримдики болсо, жакшы деңгээлде өтүлдү деп табылган сабак Алымкулова Лира жана Сейитбек кызы Эркайымдыкы болду. Замир кызы Венера жана Борукчиева Миргүлдүн сабагы канааттандырaарлык деңгээлде өтүлдү.

Ал эми убагында өтпөгөн класс жетекчилер Аргымбаева Нурзада, Каныбек кызы Ырысгүл, Насыпбек уулу Шеримбек, Осконбаева Жаркын. Мерчемделген класстык сааттарды убагында өтпөгөн жогорудагы

Класстан тышкаркы иштерге активдүү катышкан окуучулар 11-класстын окуучулары Дүйшеке кызы Перизат, Койчуманова Айназик, Абдылдаева Диана, 9-класстын окуучусу Кушбеков Эльданур, Ильичбекова Айсалкын, Авсатбеков Айвар, 8-класстын окуучусу Жумабева Аида, Замирбеколва Элеонора, 6-класстын окуучусу Дубанбекова Асема, 5-класстын окуучусу Асанбеков Кутман, Нурлуков Эржан.

Чейрек сайын ата-энелер жыйналышы өткөрүлүп турду. Сабакты көп калтырган, мүнөзү оор окуучулар менен жеке жана ата-энеси менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Суусамыр өрөөнү боюнча балдар менен иштөө бөлүмүнүн инспектору Акимкулов Дастан менен бигеликте балдар укугу, рекетчилик, кылмыштуулук, зордук-зомбулук боюнча ар түрдүү иш-чаралар уюштурулуп турду.

Окуу жылынын аягы тарбия иштеринин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп белгиленди.

Сунуш: Мерчемделип жүктөлгөн иш-чаралар убагында өткөрүлсүн. Окуучулардын сүйлөө маданияты жогорулатылсын.